**2024-жылдын февраль-март айларында Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан үчүнчү окууда кабыл алынган айрым мыйзам долбоорлоруна кыскача маалыматтык баяндама.**

Бул кыскача маалыматтык сереп төмөнкү сайттарда жарыяланган маалыматтардын негизинде даярдалды: https://president.kg; https://kenesh.kg; https://cbd.minjust.gov.kg жана жарандардын укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү бөлүгүндө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына киргизилген жаңы өзгөртүүлөр боюнча жарандарга маалымат берүүгө көмөк көрсөтүүгө багытталган.

**«Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (КР МК) тарабынан демилгеленип, 2024-жылдын 14-февралында Жогорку Кеңеш тарабынан үчүнчү окууда кабыл алынган. Мыйзам долбооруна ылайык, Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин (мындан ары - Граждандык кодекс) 86-беренесинин 2-бөлүгүн төмөнкүдөй редакцияда баяндоо сунушталат:

"2. Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары юридикалык жактын статусуна ээ. Алар уюшулган күндөн тартып түзүлгөн болуп эсептелет. Аларды каттоонун тартиби Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети тарабынан аныкталат.» (колдонуудагы ченемде мындай деп каралган: «Мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары юридикалык жактын статусуна ээ. Алар уюшулган күндөн тартып түзүлдү деп эсептелет жана каттоого жатпайт».

«Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети жөнүндө» Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык:

– министрликтер жана мамлекеттик комитеттер юридикалык жактын статусуна ээ жана алар уюшулган күндөн тартып түзүлдү деп эсептелет (22-берененин 3-бөлүгү);

1. Жергиликтүү мамлекеттик администрация мамлекеттик орган болуп эсептелет, ал администрациялык-аймактык бирдиктин тиешелүү аймагында

аткаруу бийлигин жүзөгө ашырат, анын статусу жана ишин уюштуруу мыйзам менен аныкталат (25-берене).

«Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43-беренесине ылайык, шаардагы жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органы болуп мэр жетектеген мэрия саналат. Юридикалык жак катары иш жүргүзүү үчүн салык органында белгиленген тартипте каттоодон өтүп, салык төлөөчүнүн идентификациялык номерин, ОКПО кодун, Кыргыз Республикасынын Социалдык фондунда эсептик каттоо номерин алуу жана банк эсебин ачуу зарыл.

Бирок, юридикалык жак катары юстиция органдарында мамлекеттик каттоодон өтпөстөн, мамлекеттик органдар жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан СИН, ОКПО, Соцфонддо эсептик каттоого алуу, банктык эсеп-кысапты ачуу – иш жүзүндө бул жол-жоболорду аткарууда суроолорду жана кыйынчылыктарды жаратууда. Ушуга байланыштуу, ченемдердин бир түрдүү эмес колдонулушун четтетүү үчүн КР МК Граждандык кодекске жогоруда аталган өзгөртүүлөрдү киргизүү демилгесин көтөргөн.

*Кол коюлган учурда, аталган Мыйзам расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.*

**«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинети (КР КМ) тарабынан демилгеленип, КР ЖК тарабынан 2024-жылдын 28-февралында үчүнчү окууда кабыл алынды. Мыйзам долбооруна ылайык, үй-бүлөнүн жыйынды кирешесинен стипендияларды алып салуу сунушталууда («Ушул Мыйзамда пайдаланылуучу түшүнүктөр жана терминдер» деген 4-берененин 9-пунктуна жана «Үй-бүлөнүн жыйынды кирешесин аныктоодо эсепке алынуучу кирешелердин түрлөрү» деген 9-1-берененин 1-пунктуна өзгөртүүлөр киргизилди.

«Кыргыз Республикасындагы мамлекеттик жөлөкпулдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык, стипендия үй-бүлөнүн жыйынды кирешесинин курамына кирет. Ушул ченемдин негизинде билим берүү уюмдарында окуган балдары стипендия алган жана үй-бүлөдө 16 жашка чейинки башка балдары бар муктаж болгон үй-бүлөлөр балага «үй-бүлөгө көмөк» мамлекеттик жөлөкпул ала алышпайт («үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпул – бул 16 жашка чейинки балдары бар муктаж жарандарга ай сайын берилүүчү мамлекеттик жөлөкпул).

Кыргыз Республикасынын Эмгек, социалдык камсыздоо жана миграция министрлигинин маалыматы боюнча, «2022-жылы билим берүү уюмдарынын окуучуларына жана студенттерине төлөнүүчү стипендияларды алууга байланыштуу 159 балага (53 үй-бүлө) «үй-бүлөгө көмөк» жөлөкпул дайындалган эмес. Мыйзам долбоору кабыл алынган учурда жогоруда аталган муктаж үй-бүлөлөрдүн балдары «үй -бүлөгө көмөк» жөлөкпулду кошумча ала алышат. Мыйзам долбоорун ишке ашыруу үчүн республикалык бюджеттен жылына кошумча 2,7 миллион (эки миллион жети жүз миң) сом талап кылынат). Бул мыйзам долбоору аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн балдарына колдоо көрсөтүүгө багытталган.

*Кол коюлган учурда, ушул Мыйзам расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.*

**«Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбоору** Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары тарабынан демилгеленип, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеши тарабынан 2024-жылдын 14-мартында үчүнчү окууда кабыл алынган.

Мыйзам долбооруна ылайык, «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына (мындан ары – Мыйзам) төмөнкүдөй өзгөртүүлөрдү киргизүү сунушталууда:

1) «Негизги түшүнүктөр» деген 2-берене төмөнкүдөй 4-10-бөлүктөр менен толукталат, башкача айтканда Мыйзамга төмөнкүдөй жаңы түшүнүктөр киргизилет:

– «Чет өлкөлүк коммерциялык эмес уюм»;

– «Чет өлкөлүк коммерциялык эмес уюмдун түзүмдүк бөлүмдөрү»;

– «Чет өлкөлүк өкүлдүн функциясын аткаруучу коммерциялык эмес уюм»;

– «Коммерциялык эмес уюм Кыргыз Республикасынын аймагында жүргүзүлүүчү саясий иштерге катышуучу деп таанылат...»;

- «Саясий ишмердик»;

– «Саясий ишмердиктин түрлөрү»;

Ошол эле учурда саясий ишмердикке «илим, маданият, искусство, саламаттык сактоо, жарандардын ден соолугун коргоо, жарандарды социалдык жактан колдоо жана коргоо, майыптарды социалдык колдоо, энеликти жана балалыкты коргоо жаатындагы иш-аракеттер, сергек жашоо ыңгайын, дене тарбия жана спортту пропагандалоо, өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүн

коргоо, ошондой эле кайрымдуулук иш-чаралары» кирбей тургандыгы каралган.

2) «Мамлекеттик органдардын жана коммерциялык эмес уюмдардын жоопкерчилиги» деген 15-берененин 2-бөлүгү төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын: «2. Коммерциялык эмес уюм тарабынан ушул Мыйзамдын жоболорун бузуусу Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке алып келет.». (Мыйзамдын 15-беренесинин 2-бөлүгүнүн колдонуудагы ченеми төмөндөгүдөй: «2. Коммерциялык эмес уюм тарабынан ушул Мыйзамдын жоболору бузулган учурда Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик каралат);

3) Мыйзамдын 1-главасын төмөнкүлөрдү караган «Чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткаруучу коммерциялык эмес уюмдун ачыктыгы» деген жаңы 17-1-берене менен толуктоо сунушталууда:

– ыйгарым укуктуу орган тарабынан чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарган коммерциялык эмес уюмдардын реестрин жүргүзүү. Реестр коммерциялык эмес уюмдун аталышын, уюштуруучулары жана директору жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Мында реестрди жүргүзүүнүн тартиби, анын ичинде андагы камтылган маалыматтардын курамына карата талаптар ыйгарым укуктуу орган тарабынан белгиленет;

– чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткаруучу коммерциялык эмес уюмдун жетекчисинин милдети аны реестрге киргизүү үчүн ыйгарым укуктуу органга арыз берүү. Реестрде камтылган маалыматтар ыйгарым укуктуу орган тарабынан аныкталган тартипте «Интернет» тармагындагы ыйгарым укуктуу органдын расмий сайтында жайгаштырылат;

– материалдар (маалыматтар) Реестрге киргизилген чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарган коммерциялык эмес уюм тарабынан даярдалгандыгын, таратылгандыгын жана (же) жөнөтүлгөндүгүн көрсөтүү;

– эгерде Кыргыз Республикасынын эл аралык келишиминде башкача каралбаса, чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткаруучу коммерциялык эмес уюм тарабынан көз карандысыз аудитордон алынган аудитордук корутундуну ыйгарым укуктуу органга жыл сайын берүү;

– чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын жүзөгө ашыруучу коммерциялык эмес уюм тарабынан ушул берененин 3, 5 жана 6-бөлүктөрү бузулган учурда (3-бөлүк – ыйгарым укуктуу органга КЭУну реестрге киргизүү үчүн арыз берүү); 5-бөлүк - материалдар чет өлкөлүк өкүлдүн функцияларын аткарган коммерциялык эмес уюм тарабынан даярдалгандыгын, таратылгандыгын жана (же) жөнөтүлгөндүгүн көрсөтүү; 6-бөлүк – көз карандысыз аудитордон алынган аудитордук корутундуну ыйгарым укуктуу органга жол берилген

бузууну жана бир айдын ичинде четтетүү мөөнөтүн көрсөтүү менен жыл сайын берүү; билдирүүдө көрсөтүлгөн бузууну КЭУ четтете албаган учурда, ыйгарым укуктуу орган анын ишин 6 айга чейинки мөөнөткө токтотот. КЭУнун ишин токтотуу жөнүндө мындай чечимге «Административдик иштин негиздери жана административдик жол-жоболор жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамында белгиленген тартипте даттанылышы мүмкүн. КЭУнын иш-аракети токтотулган учурда банктык аманаттарды колдонууга тыюу салынат, буга чарбалык жана эмгек келишимдери боюнча эсептешүүлөр, анын аракеттеринен улам келтирилген зыяндын ордун толтуруу, салыктарды, төлөмдөрдү жана айыппулдарды төлөө кирбейт. КЭУнун иши токтотулуп турган мөөнөттүн ичинде ал тараптан бузуулар жоюлбаган учурда, ыйгарым укуктуу орган Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 96-беренесине ылайык юридикалык жакты жоюу жөнүндө арыз менен сотко кайрылат. Иши токтотулган мезгил ичинде бузуу жоюлса, КЭУ өз ишин уланта алат;

– коммерциялык эмес уюмдун ишин анын уюштуруу документтеринде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган максаттарга ылайык келишин мамлекеттик каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан контролдоо.

*Кол коюлган учурда, аталган Мыйзам расмий жарыяланган күндөн он күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.*